# Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Аль-Худайбияда жамгыр жааган түнү биз менен бирге багымдат намазын окуду. Ал намаздан кийин элге кайрылып: «Раббиңер эмне дегенин билесиңерби?» - деди. Алар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - деп айтышты. Пайгамбар айтты: «Раббиңер: Менин пенделеримдин арасынан Мага ыйман келтиргени жана Мага каапыр болгону бар» - деди . Кимде-ким: «Бизге Аллахтын пазилети жана ырайымы менен жамгыр жаады» деген болсо, анда алар Мага ыйман келтирди жана жылдыздарга каапырлык кылышты. Ал эми: «Бизге баланча же түкүнчө жылдыздын таасиринен жамгыр жаады» деген болсо, анда ал Мага каапыр болду жана жылдыздарга ыйман келтирди» - деп айтты.*@

Зайд бин Халид Аль-Жухани, радыяллаху анху, айтты: Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Аль-Худайбияда жамгыр жааган түнү биз менен бирге багымдат намазын окуду. Ал намаздан кийин элге кайрылып: «Раббиңер эмне дегенин билесиңерби?» - деди. Алар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - деп айтышты. Пайгамбар айтты: «Раббиңер: Менин пенделеримдин арасынан Мага ыйман келтиргени жана Мага каапыр болгону бар» - деди . Кимде-ким: «Бизге Аллахтын пазилети жана ырайымы менен жамгыр жаады» деген болсо, анда алар Мага ыйман келтирди жана жылдыздарга каапырлык кылышты. Ал эми: «Бизге баланча же түкүнчө жылдыздын таасиринен жамгыр жаады» деген болсо, анда ал Мага каапыр болду жана жылдыздарга ыйман келтирди» - деп айтты.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, түнү жамгыр жаагандан кийин Меккеге жакын жайгашкан Аль-Худайбия кыштагында багымдат намазын окуду. Салам берип, намазын бүтүргөн соң элге кайрылып: «Улуу Раббиңер эмне дегенин билесиңерби?» – деп сурады. Сахабалар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - деп жооп беришти. Пайгамбар айтты: "Жамгыр жааганда Аллах Таалага ыйман келтиргендер жана Аллах Таалага каапыр болгондор болуп адамдар экиге бөлүнөрүн Аллах таала баяндады". Ал эми «бизге Аллахтын ырайымы жана пазилети менен жамгыр жаады» деп жамгыр жааганын Аллах Таалага таандык кылса, анда ал жамгыр жаадырган Жаратуучуга, ааламдагы бүткүл иштерди Башкаруучу Аллахка ыйман келтирген болот жана жылдыздарга каапырлык кылган болот.. Ал эми «бизге баланча жылдыздын таасиринен жамгыр жаады» деп жамгыр жааганын кайсыл бир жылдыздарга таандык кылса, анда ал Аллахка капырлык кылды жана жылдыздарга ыйман келтирди. Андыктан жамгырды жылдыздарга таандык кылуу - бул динден чыгарбаган кичине капырлык. Анткени Аллах Таала жамгыр жааганына жылдыздар таасирин тийгизүүсүнө тагдыр жактан себеп кылган эмес жана шариятында да айткан эмес. Кимде-ким жамгыр жааганын жана башка окуяларды жылдыздардын кыймылдарына жана чыккан жерине таандык кылса же аларды чыныгы таасир берүүчү деп эсептесе, анда ал динден чыгарган чоң каапырлык кылган болот.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee